**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**8-класс**

**1-тапшырма.**

*Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.*

Туристтердин биринчи тобунун орточо ылдамдыгы экинчи топтун орточо ылдамдыгынан канча километр саатка айырмаланат?

Формуланы колдонгула: $s = \frac{v}{t}$,

мында:

$s$- саякаттагы бардык басып өткөн аралык, км.

$t$ – саякаттын бардык убактысы, ч.

$v$ – кыймылдын орточо ылдамдыгы, км/саат

*Тапшырманын жообун атайын берилген жерге жазгыла.*

Жообу: _________ км/саатка

**Саякат**

Бишкек шаарынан Аркыт (Сары-Челек) айылына чейинки 500 чакырым жолду туристтердин биринчи тобу 10 саатта басып өтүштү. Экинчи туристтердин тобу Ош шаарынан Сары-Челек көлүнө чейинки 270 чакырым жолду 6 саатта басып өтүштү.



**2-тапшырма.**

*Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.*

Чоңдор үчүн авиа билеттин баасы 2650 сом. Эгерде балдар үчүн авиабилеттин баасы “TEZ JET” компаниясында чоңдордун авиабилетинин наркынын 30% түзсө, анда Асановдордун үй-бүлөсү Бишкек шаарына учуш үчүн билетке канча сом коротту?

*Жообун чыгарылышы менен жазгыла.*

**Саякат**

Бейшемби күнү Асановдордун үй-бүлөсү TEZ JET авиакомпаниясынын учагы менен Ош шаарынан Бишкек шаарына учуп кетишкен. Үй-бүлөдө 3 адам: атасы, апасы, уулу Самат - 4-класстын окуучусу.



**3-тапшырма.**

*Оң жактагы текстти окуп чыгып, тапшырманы аткаргыла.*

Асановдордун үй-бүлөсүнө жана чоң энеге билет алуу үчүн 14000 сом жетеби?

*Жообун чыгарылышы менен жазгыла.*

**Саякат**

Асановдордун үй-бүлөсү үчүн, атасы, апасы, уулу Самат – 4 класстын окуучусу, кызы Замира- институттун студентине Ош шаарынан Бишкек шаарына учуу үчүн “Авиатрафик” компаниясынын билетин сатып алышты. Анда чоңдор үчүн авиабилеттин баасы - 3150 сом, балдар үчүн - 2250 сом турат. Алар менен чогуу чоң энеси дагы учууну чечти. Пенсионерлер үчүн билет баасына 10 % арзандатуу бар.

